23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата башталгыч класстын мугалимдери "Изилдөө долбоорун" уюштурушуп, ал долбоорго 1-2-3-4-5-6-класстын окуучулары, класс жетекчилери жана ата-энелери катышышты. Активдүү катышкандар сыйлыктарга ээ болушту. 1-класстын окуучусу Сардалбеков Сыймык жана эжейи Агыбаева Аида, 5-класстын окуучус Беккелдиева Айжанат жана апасы Мааткалыкова Нурзат райондук турга жолдомо алышты.










12-декабрь "Адабият күнүнө" карата 1-4-класстар Чыңгыз Айтматов жөнүндө ыр айтышты. 5-8-класстар Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын негизинде сахналаштырышты. 9-11-класстар бурч уюштурушту.1-11-класстар "Чыңгыз Айтматов залкар жазуучу" деген темада ачык тарбиялык сааттарды өтүштү.











5. 23-сентябрь Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил күнүнө жана Мамлекеттик тил мыйзамынын 33 жылдыгына карата иш чаралардын планы бекитилди иш чарага окуу кабинеттерине бурчтар уюштурулду.9-10-11- класстар линейка, 5-11-чейинки класстар Мамлекеттик тил — “Улут болсон тилин менен улутсун”!деген темасында сценка жана көркөм окуу иш чарасы өткөрүлдү.






6.1-октябрь “Карысы бардын ырысы” деген темада айылдагы ата -апаларды чакырып окуучулар концерт коюшуп жагымдуу маанай тартуулашты.

7. “Берекелүү алтын күз”деген темада класстар аралык концерт уюшулуп күз мезгилин чагылдырышты.







8.Кыргыз элинин баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин 100 жылдыгына карата бир айлык иш чара түзүлүп ,класстык ачык сабактар өтүлүп,бурчтар уюштурулду.5-11-класстар арасында тегерек стол өткөрүлүп сүрөт көрсөтмөсү уюштурулду.



6-апрелде 5-6-7-класстарга «7-апрель элдик революция күнү»темасында класс жетекчилери  ачык тарбиялык сааттарды өттү.БӨУ Болот уулу Нарынбек “Апрель революциясы-кыргыз элинин акыйкаттыкты тапкан,үй-бүлөлүк башкарууну түп орду менен жойгон күнү”деген темада 8-9-10-11-класстын окуучуларына тегерек стол өткөрдү.Анда окуучулар революциянын келип чыгуу себептерин жана андан келип чыккан натыйжалар жөнүндө кызуу талкуулашты.








